## Улуттук банктын ноталары

*(2017-жылдын август айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан ноталарды жайгаштыруу боюнча беш аукцион өткөрүлгөн, анда жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 8,5 млрд сомду түзгөн, бул өткөн айга салыштырмалуу 70,0 пайызга көп.

Суроо-талап сунуштан 55,3 пайызга арткан, буга байланыштуу 340,0 млн сом суммасында 91 күндүк ноталар боюнча кошумча жайгаштыруу өткөрүлгөн. Ноталарга карата суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү ай ичинде 28,9 пайызга көбөйүү менен 2,6 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатына ылайык, отчеттук мезгил ичинде ноталарды сатуу көлөмү коммерциялык банктарды үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу максатында 7, 28 жана 91 күндүк ноталар менен сунушталган, кошумча жайгаштырууну эске алганда, жайгаштыруунун жалпы суммасы 7,8 млрд сомду (ай ичинде +32,5 пайызды) түзгөн.

2017-жылдын август айынын акырына карата жүгүртүүдө ноталар көлөмү жыл башынан тартып 27,6 пайызга төмөндөө менен 3,8 млрд сомду түзгөн. Мурдагыдай эле 100,0 пайыз (жыл башынан тартып +1,9 п.п.) үлүшү менен коммерциялык банктар Улуттук банктын ноталарына ээлик кылуучулардан болуп саналат. Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде сатуунун орточо аукциондук көлөмү ай ичинде 23,2 пайызга көбөйүү менен 1,5 млрд сомду түзгөн.

Ошентип, Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү 7 күндүк жана 28 күндүк ноталар боюнча кирешелүүлүктүн төмөндөшүнө байланыштуу ай ичинде 0,9 п.п. төмөндөө менен 2,5 пайызды түзгөн. Алсак, Улуттук банктын 7 күндүк ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү 1,5 пайызды (-1,3 п.п.) түзгөн. Мында, 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү эсептик чендин алкагында жайгашкан. Пайыздык чендин чектери да сакталган: алсак, пайыздык чендин жогорку чеги (“овернайт” кредиттери боюнча чен) – 6,25 пайыз чегинде, төмөн чеги (“овернайт” депозиттери боюнча чен) - 0,25 пайыз чегинде сакталган. 28 күндүк ноталар боюнча орточо алынган чен 3,1 пайыз деңгээлинде (-0,8 п.п.) жана 91 күндүк ноталар боюнча – 4,7 пайыз деңгээлинде калыптанган.

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




---

[1] Ай ичинде аукциондордун саны туруктуу болбогондуктан, бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сатуунун динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк Улуттук банктын ноталарына ээлик кылуучулардын түзүмү**

*млн сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Юридикалык жактар - резиденттер | | Жеке адамдар - резиденттер | | Институцион. инвесторлор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.09.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2016 | 2 000,0 | 1 976,6 | 98,8% | 23,4 | 1,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2016 | 2 000,0 | 1 986,2 | 99,3% | 13,8 | 0,7% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2017 | 5 244,0 | 5 142,4 | 98,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 101,6 | 1,9% |
| 01.02.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.03.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2017 | 4 280,0 | 4 280,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2017 | 5 250,0 | 5 250,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2017 | 4 325,0 | 4 325,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.07.2017 | 3 511,0 | 3 511,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.08.2017 | 3 555,0 | 3 555,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2017 | 3 795,5 | 3 795,5 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |